**Максаты:** Булуттук эсептөөлөрдө колдонуучу консоидатташтыруу жана виртуалдаштыруу технологияларын калыптандыруу. Ал технологиялардын негизинде булуттук кызматтарды, булуттук платформанын артыкчылыктарын, компоненттерин пайдалана билүүнү калыптандыруу.

**Мазмуну**: IT чөйрөсүндө инфраструтуралык чечимдерди өнүктүрүү, виртуалдаштыруу технологияларын, булуттук эсептөө архитектурасын, булуттук веб-кызматтарды, Windows Azure SDK, Azure Services Platform, Microsoft .NET Services сервистерин жана ошондой эле Microsoft булуттук сервисин, Google булуттук сервистерин колдонуу, алар менен иштөө жана программалык бөлүктөрдү иштеп чыгуу жолдорун калыптандырат.

**Дисциплинанын орду:** 710200 «Информациялык системалар жана технологиялар» магистр программасынын НББПнын жалпы-илимий циклинин вариативдик бөлүмүнүн тандоо курсунда берилет.

**Пререквизиттер: «**Web-багыттуу тиркемелерди программалоо**»** жана **«**Программалык системалардын архитектурасы жана проектирлөө**»** дисциплиналары.

**Постреквизиттер:** «Программалык тиркемелерди жана берилгендер базасын иштеп чыгуунун визуалдык каражаттары», «Экономикадагы Информациялык системалар», «Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу»

**Дисциплинаны окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар:** жаңы теорияларды, усулдарды жана ыкмаларды сындоого жана терең түшүнүүгө, жаңы билим алуу үчүн дисциплиналар аралык ыкманы колдонууга жана ар кандай илимдердин жетишкендиктерин интеграциялоого жөндөмдүү**(ЖИК-1);** жаңы, анын ичинде иш чөйрөсүнө түздөн-түз байланышпаган

билимдердин жаңы тармактарында, билимдерди жана билгичтиктерди маалымат технологияларынын жардамы менен оз алдынча алууга жана практикалык иш-аракеттерде колдонууга жөндөмдүү**(ЖИК-2);** жаңы же бейтааныш шартта көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык байланышта чечүүгө, айкындыгы толук эмес шарттарда билим колдонуунун социалдык жана этикалык жактарын эсепке алуу менен билимдерди интеграциялоого, ой жүгүртүүлөрдү жана бүтүмдөрдү тариздөөгө жөндөмдүү**(ЖИК-3);** техникалык долбоорлоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү**(КК-2)**; базалык жана колдонмо технологияларды долборлоо жөндөмдүүлүгү**(КК-9);**

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн денгээлине ээ болуусу керек:

**Билүүсү зарыл:** Булуттук эсетөөнүн архитектурасын, анын артыкчылыктарын, Web-кызматтарын, Windows Azure SDK иштеп чыгуу коплекттерин, Windows Azure архитектурасын, Microsoft .NET Services технологиясын жана булуттук сервистердин иштөө принциптерин абстракциялоо.

**Билгичтиктер:** Hyper-V виртуалдаштыруу технологиясын колдонуу, Windows Azure тиркемелерин проектирлөө, программаларды жана берилгендер базасын булуттук кызматтарга байланыштырыруу менен программалаштыруу.

**Ээ болуу:** Виртуалдык машиналарды орнотуу жана аларды настройкалоо методдоруна, Windows Azure тиркемелерин иштеп чыгуу инструменттерин колонуу көндүмдөрүнө ээ болуу.

**Колдоно алуу:** .Net Framework платформасын, Visual Studio 2010 программалоо тилинин мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен кесиптик чөйрөдөгү маселелерди чечүүгө, алынган жыйынтыктарды анализдөө менен киреше табуу үчүн колдоно алууга жетишүү.

## “1С Предприятие’де программмалоо” дисциплинасынын аннотациясы (ИСТ, магистратура)

**Максаты:** Дисциплинаны өздөштүрүүдө студенттерде 1С Предприятие’де теориялык билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу менен коюлган маселени терен карап, 1С:Предприятие платформасында конфигурация объектерин жаныдан түзүүдө жана тиешелүү конфигурацияларды иштеп чыгууда колдонулуучу заманбап инструменталдык каражаттарда программалоону үйрөтүү.

**Мазмуну:** "1С:Предприятие 8.x" системаларында программалоонун жана иштеп чыгуунун негизги принциптерин үйрөнүү менен төмөнкүлөрдү өз ичине алат:

- "1С:Предприятие 8.x" платформаларынын арналыштары, классификациясы жана өнүгүү перспективалары;
- "1С:Предприятие 8.x" системаларын орнотуу жана берилгендер базасын кошуу;
- 1С: Предприятие 8.x программалоо тилинин синтаксиси;
- "1С:Предприятие 8.x" конфигурациялары жана анын объектери;
- 1С базаларын администрлөө;
- Запростор тили;
- Обработкалар жана сырткы отчеттор;
- Колдонмо чечимдер мисалдары.

**Дисциплинанын орду:** 710200 «Информациялык системалар жана технологиялар» магистратура багытынын НББПнын **профессионалдык циклинин вариативдүү** бөлүмүндө окутулат.

**Пререквизиттер.** «Бухгалтердик эсеп» жана «Экономикалык анализ» дисциплиналары.

**Постреквизиттер.** «Банк иши жана кредиттик мамилелер», «Экономикадагы информациялык системалар» жана «1С Предприятие» дисциплиналары. «1С Предприятие’де программалоо» дисциплинасын өздөштүрүүдө калыптандырылган билимдер, билгичтиктер

жана көндүмдөр кесиптик жана илим-изилдөөчүлүк практиканын бардык түрлөрүн өтөөдө колдонулат жана өркүндөтүлөт.

**Дисциплинаны окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар.** Топтолгон тажрыйбаны талдоого жана жаңы көз караш менен маани берүүгө, керек болгондо өзүнүн кесиптик иш-аракетинин профилин озгөртүүгө, изилдөө контекстин эсепке алуу менен дисциплинанын өрчүшүнө өзүнүн өзгөчө салымын киргизүүгө жөндөмдүү **(ЖИК-4);** маалымат технологиясынын каражаттарынын жардамы менен (методикалык, информациялык, математикалык, алгоритмдик, техникалык жана программалык) иштөө жөндөмдүүлүгү**(КК-10);** даяр компоненттерден маалымат системасын чогултуу жөндөмдүүлүгү, өнөр-жай эксплуатациясында маалымат системасынын программалык жана техникалык каражаттарды инсталляциялоо, ондоо жөндөмдүүлүгү***(КК-20);***

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн деңгээлине ээ болуусу керек:

**Билүүсү зарыл:** 1С: Предприятие системасынын орнотулушу, чөйрөсү, иштөө режимдери, компоненттери жана технологиялык платформасы, тилдин негиздерин, программалоо методикасын жана системаны конфигурациялоо.

**Билгичтиктер:** Конфигурация объектерин жаныдан түзүү, алардын арсындагы байланыштарды билүү, чөйрөдө иштөөнүн өзгөчөлүктөрү, типтүү конфигурацияларды талкуулоо жана пайдалана билүү.

**Ээ болуу:** Типтүү операцияларды кийирүүнү автоматташтыруу, конкреттүү маселеге жараша программаны өзгөртүү, 1С тилинде программалоо, конфигурацияны өзгортүү менен клиенттин запросторун түшүнүп билүү жана аларды 1С’те реализациялоо.

**Колдоно алуу:** 1С системасынын программалоо каражаттарын жана методдорун пайдаланып кесиптик чөйрөдөгү маселелерди чечүүгө, алынган жыйынтыктарды анализдөө менен жаны маселелер үчүн колдоно алууга жетишүү

## “Компьютердик моделдөөнүн усулдары» дисциплинасынын аннотациясы (ИСТ, магистр)

**Максаты:** Магистранттарда компьютердик моделдештирүүнүн негиздерин калыптандыруу, дисциплинаны өздөштүрүү үчүн алардын даярдыктарын камсыз кылуу; негизги принциптерине жана ыкмаларына уйрөтүү; имитациалык моделдештирүүнүн универсалдык пакеттерин колдонуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

**Мазмуну: К**омпьютердик моделдештирүүнүн жалпы мүнөздөмөсү, негизги түшүнүктөр, структурдык анализдин методологиясы жана каражаттары, имитациялык моделдештирүү, аларды түзүнүн этаптары, системдик анализ жана классификация, имитациалык моделдештирүүдө жаны заманбап универсалдык пакеттерин колдонулушу.

**Дисциплинанын орду:** 710200 «Информациялык системалар жана технологиялар» магистр программасынын НББПнын жалпы-илимий циклинин вариативдик бөлүмүнүн тандоо курсунда берилет.

**Пререквизиттер:** ЖОЖдун базасында окутулуучу «Теория информационных процессов и систем», «Методы оптимизации», «Теория вероятности», «Информационные технологии»

**Пострекреквизиттер:** Информациялык системалар жана технологиялар багытында дисциплиналар, «Экономикадагы информациялык системалар»

**Дисциплинаны окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар:** Жаңы теорияларды, усулдарды жана ыкмаларды сындоого жана терең түшүнүүгө, жаңы билим алуу үчүн дисциплиналар аралык ыкманы колдонууга жана ар кандай илимдердин жетишкендиктерин интеграциялоого жөндөмдүү (ЖИК-1); Объектини долбоорлоодо изилдөө иштерин жүргүзүү жөндөмдүүлүгү,

изилдөө чөйрөсүндөгү системдик анализ жана алардын өз-ара байланышы(КК-1); процесстерди жана системаларды моделдөө жүргүзүү жөндөмдүүлүгү(КК-5); маалымат технологиясынын каражаттарынын жардамы менен (методикалык, информациялык, математикалык, алгоритмдик, техникалык жана программалык) иштөө жөндөмдүүлүгү (КК-10)

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн денгээлине ээ болуусу керек:

**Билүүсү зарыл:** компьютердик моделдештирүүнүн усулдарын, моделдердин типтик класстарын, информациялык системаларындагы процесстерди иштетүүнүн моделдерин жана алгоритмдерин түзүүнү, компьютердик моделдештирүүдө колдонулуучу заманбап программалык каражаттардын абалын.

**Билгичтиктер:** компьютердик моделдештирүүнүн усулдарын билүү, имитациялык моделдерди түзүү, программалык каражаттарды жана даяр программалык пакеттерди колдонуу.

**Ээ болуу:** Компьютердик моделдештирүүнүн каражаттарын информациялык системаларындагы процесстердин моделдерин түзүүдө иштетүүсүн калыптандыруу.

**Колдоно алуу:** Жаңы информациялык технологияларды колдонуу менен өзүнүн ишмердүүлүгүндөгү маселелерди чечүүгө жетишүү.

## «1С Предприятие» дисциплинасынын аннотациясы (ИСТ, магистратура)

**Максаты:** студенттердин математикалык жана алгоритмдик маданиятынын негиздерин калыптандыруу, дисциплинаны өздөштүрүү үчүн алардын даярдыктарын камсыз кылуу.

**Мазмуну:** 1С программасынын продукталарын классификациялоо. Программаны жүктөө, маалыматтар базасын түзүү. “Бугалтериялык эсеп” конфигурациясын кошуу жана анын негизинде экономикалык, учеттук-башкаруучулук маселелерди чечүү. “Бугалтериялык эсеп” конфигурациясынын мүмкүнчүлүктөрү. "Стартык жардамчынын" жардамы менен баштапкы берилгендерди киргизүү. 1С”тин программалык продукталарында технологиялык платформаны комплекстүү колдонуу.

**Дисциплинанын орду:** 710200 “Информациялык системалар жана технологиялар” магистратура программасынын НББПнын профессионалдык циклинин базалык бөлүмүндө окутулат.

**Пререквизиттер:** ЖОЖдун базасында “Бухгалтердик эсеп”, “Экономикалык анализ” дисциплиналары.

**Постревизиттер: “**Экономикадагы информациялык системалар”, “Программалык тиркемелерди жана берилгендер базасын иштеп чыгуунун визуалдык каражаттары” дисциплиналары. «1С Предприятие» дисциплинасын өздөштүрүүдө калыптандырылган билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр кесиптик жана илим-изилдөөчүлүк практиканын бардык түрлөрүн өтөөдө колдонулат жана өркүндөтүлөт.

**Дисциплинаны окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар.** топтолгон тажрыйбаны талдоого жана жаңы көз караш менен маани берүүгө, керек болгондо өзүнүн кесиптик иш-аракетинин профилин озгөртүүгө, изилдөө контекстин эсепке алуу менен дисциплинанын өрчүшүнө өзүнүн өзгөчө салымын киргизүүгө жөндөмдүү **(ЖИК-4);** баардык баарлашуу чөйрөлөрүндө (анын ичинде маданият аралык жана дисциплиналар аралык) коммуникативдик маселелерди коюууга жана чечүүгө, маалымат алмашуу процесстерин башкарууга жөндөмдүү. Чоң көлөмдөгү маалыматтар менен иштөө жөндөмүнө ээ, изилдөө контекстин эсепке алуу менен конкреттүү тармакта заманбап маалымат-коммуникациялык

технологияларды пайдаланууга жөндөмдүү**(АК-3);** оздөштүрүлгөн билимдердин негизинде жыйынтык чыгарууга, материалдарды так жана айкын түшүндүрүүгө (адиске жана адис эмеске) жөндөмдүү. Өз алдынча билим деңгээлин өрчүтүүгө жөндөмдүү**(АК-4);**

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн деңгээлине ээ болуусу керек:

**Билүүсү зарыл:** 1С программаларынын жардамында экономикалык, учеттук-башкаруучулук маселелерди чечүүдө информациялык системалардын перспективасын жана проблемаларын,информациялык бухгалтериялык системалардын жалпы иштөө принциптерин; финансылык жана башкаруучулук маселелерди чечүүчү бирдиктүү информациялык системаны түзүүнүбилүү.

**Билгичтиктер:** информацияларды кайрадан иштеп чыгуу, сактоо, алуу, 1С: Предприятие программасынын бухгалтериялык эсеп компонентинин базасында эсептерди жүргүзүү

**Ээ болуу:** экономикалык жана башкаруучулук маселелерди автоматташтырууда конфигурацияларды колдонууну. бухгалтериялык, башкаруучулук эсептердеги заманбап программалык продукталардын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу.

**Колдоно алуу:** бухгалтериялык, башкаруучулук, налогтук эсептерди жүргүзүүнү, түрдүү отчетторду түзүүнү; компьютердик каражаттарды колдонуу менен информацияларды иштеп чыгуунун заманбап методдорун жана приемдорун колдоно билүү жана ишке ашыруу.

## «Программалык тиркемелерди жана берилгендер базасын иштеп чыгуунун визуалдык каражаттары» дисциплинасынын аннотациясы (магистратура)

**Максаты:** Программалоонун визуалдык каражаттарына негизделген проектирлөө, программалык продукталарды түзүү жана берилгендер базасын программалык тиркемелер аркылуу башкарууну программмалаштыруунун заманбап жолдорун, түшүнүктөрүн, билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Мазмуну:** Visual Studio .Net, Microsoft .Net Framework платформасы, Delphi программалоо тилдери. Форма тиркемелерин иштеп чыгууну үйрөнүү, визуалдык компоненттер, берилгендер базасына кошулууну уюштуруу, таблицалар, запростор, отчетторду түзүү, базаны коргоо алар менен иштөөчү операциялар, операторлор, структуралар, функциялар, каталарды табуу, обьекттик-ориентирленген методдор, класстар, сыяктуу маалыматтар каралат. Берилгендер базасын кармаган информациялык системаны иштеп чыгуу жолдору калыптандырылат.

**Дисциплинанын орду:** 710200 «Информациялык системалар жана технологиялар» магистр программасынын НББПнын профессионалдык циклинин базалык бөлүмүндө окутулат.

**Пререквизиттер: «**Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу**»** жана **«**Информациялык системалар архитектурасы**»** дисциплиналары.

**Постреквизиттер:** «Экономикадагы Информациялык системалар»

**Дисциплинаны окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар:** ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү долбоорлонуучу обьектти алдын ала изилдөөгө, долбоорлоо стратегиясын системалык иштеп чыгууга (КК-2); заманбап информациялык технологияларды долбоорлоого жана аларды ишке киргизүүнүн методикалык, информациялык, математикалык, алгоритмдик, жана программалык каражаттарын колдоно алууга (КЗ-12); клиент-сервер технологияларын колдонуу менен берилгендер базасын жана веб продукцияларын түзүүгө жана корпоративдик информациялык системалар менен иштөөгө жөндөмдүү (АК-6).

**Компетенциялык көрсөткүчтөр:** Дисциплинаны окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүнүн натыйжасында магистрант төмөнкү компетенциялык көрсөткүчтөрдүн денгээлине ээ болуусу керек:

**Билүүсү зарыл:** Delphi, Visual Studio .Net тилдеринин программалык тиркемелерди жана берилгендер базаларын түзүүдөгү ролу, windows-тиркемелерин иштеп чыгуу, анын структурасы ж.б.у.с. абстракциялоо.

**Билгичтиктер:** берилгендер базасына кошулуу, доступ алуу, берилгендер базасы менен иштей алуу, берилгендер базасын сыр сөздөр менен коргой алуу, даяр программалык коддорду колдонуу менен тиркемелерди иштеп чыгуу, алардын касиеттерин, окуяларды түзө алуу жана программалаштыруу.

**Ээ болуу:** Delphi жана Visual Studio .Net тилдерини мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен каалагандай программалык тиркмелерди, жеңил оффистик пакеттерди жана берилгендер базасын башкарууга жетишүү, Web-тиркемелерин түзүү көндүмдөрүнө, орто деңгээлдеги информациялык системаларды калыптандырууга ээболуу.

**Колдоно алуу:** Delphi жана Visual Studio .Net тилдери алардын библиотекаларын колдонуу менен кесиптик чөйрөдөгү маселелерди чечүүгө, алынган жыйынтыктарды анализдөө менен киреше табуу үчүн колдоно алууга жетишүү.

## 8. Окуу планындагы практикалардын программасына аннотация

### 8.1. Илимий - изилдөө практикасы

**Аннотациясы:** Практика – магистранттардын илим изилдөө иштериндеги көндүмдөрдү калыбына келтирүү жана теориялык билимдерди жыйынтыктоо максатында жүргүзүлөт. Магистранттардын кесиптик билимдерин системалаштыруу, кеңейтүү жана жыйынтыктоо, аларды өз алдынча илимий – изилдөө иштерин жүргүзүү, изилдөө жана эксперимент жүргүзүү көндүмдөрү калыптандырылат.

**Максаты:** Практиканын негизги максаты болуп актуалдуу илимий проблеманы изилдөө магистранттардын тажрыйбага ээ болуусу, ошондой эле магистрдик диссертацияны аткаруу үчүн керектүү материалдарды топтоо болуп эсептелет.

**НББПдагы орду:** Практикалар жана илимий-изилдөө иши бөлүгүнө кирет, 9 кредит.

**Кыскача мазмуну:** Илимий – изилдөө практикасы магистранттын бекитилген магистрдик диссертациясынын темасын алкагында изилдөө жүргүзүү түрүндө ишке ашырылган.

Изилдөө темасы бүтүрүүчү кафедралардын илимий багыттарынын алкагында илимий – изилдөө иштеринин өз алдынча иштөө бөлүгү катары аныкталат.

КР ББ жана ИМдин негизинде магистрдик программанын жетекчиси тарабынан практиканын мазмуну аныкталат жана илимий – изилдөө практикага индивидуалдык тапшырмалар берилет.

Практика учурунда магистранттын жумушу магистрдик диссертациянын үстүнөн иштөө катары уюштурулат: теманы тандоо, изилдөө проблемасын, обөектин жана предметин аныктоо; изилдөөнүн максатын жана маселелерин формулировкалоо; проблема боюнча адабияттардын жана изилдөөлөрдүн тоериялык анализи, тема боюнча керектүү булактарды топтоо; библиографияны түзүү; жумуш гипотезасын формилоркалоо; изилдөө жүргүзүү базасын тандоо; изилдөө методдорунун комплексин аныктоо; экспримент жүргүзүү; эксприменталдык берилгендерге анализ; изилдөөнүн жыйынтыктарын жазуу. Магистранттар алгачкы булактар, монографиялар, авторефераттар жана диссертациялык изилдөөлөр менен иш алып барышат, илимий жетекчилеринен жана окутуучулардан консультация алышат.

Практика мезгилинде магистрант магистрдик диссертациясынын изилдөө багыты боюнча жөнгө салып, темасын ачып жазуусу жана программа жетекчиси менен макулдашуусу керек.

Илимий – изилдөө практикасынын мазмунунун негизги түзүүчүсү болуп материалдарды жана статистикалык берилгендерди топтоо жана изилдөө, темага туура келүүчү маалыматтарды анализдөө; алынган жыйынтыктарды апробациялоо.

Практикада магистранттын ишмердүүлүгү төмөнкү этаптар боюнча жүргүзүлөт:

**I этабы** – магистрдик даярдоо программасынын алкагында теориялык проблемаларды изилдөө:

- изилдөө темасын тандоо жана негиздөө;
- изилдөөнү аткаруунун календардык планын түзүү;
- изилдөө жүргүзүү (максаттын жана конкреттүү маселелердин коюлушу, жумушчу гипотезаны формулировкалоо, изилдөө темасы боюнча ата – мекендик жана чет өлкөлүк эмгектерге анализ жасоо жана жалпылоо);
- илимий – изилдөө жумуштун темасы боюнча библиографияны түзүү;
- мекеме, уюмдун структурасын үйрөнүү;
- мекеме, уюмдун информациялык системасын, процесстерин үйрөнүү.

Календардык план изилдөө схемасынан жана пландаштырылган изилдөөнүн алкагында түзүлгөн жумуштардын тизмесинен турат.

Календардык план практиканын (магистрдик диссертациянын) жетекчинин жетектөөсү менен магистрант тарабынан түзүлөт:

**II этабы** – магистрдик диссертациянын темасына туура келүүчү мекеме жана уюмдун ишмердүүлүгүнүн практикасын изилдөө:

- Изилдөөнүн обөектин жана предметин аныктоо;
- Изилдөө предмети боюнча информацияларды топтоо жана анализдөө;
- Каралуучу проблеманын айрым аспектерин окуп үйрөнүү;
- Информацияны статистикалык жана математикалык кайра иштеп чыгуу;
- Информацияга жетүүнүн түрдүү методикасын библиотекаларга баруу, интернетте иштөө, пайдалануу менен илимий адабияттарга анализ жасоо;
- Тиешелүү информациялык системаларды түзүп, кийирүү;
- Иштелип чыгылган системаларды реалдуу берилгендер менен толтуруу;
- Чыгуучу формаларды түзүү;
- Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын жасалгалоо жана аны магистрдик диссертациянын жетекчиси менен макулдашуу.

**III этабы** – жыйынтыктоочу этап.

Бул этап практиканын эң акыркы этабы болуп саналат жана мында магистрант практиканын программасына ылайык топтолгон материалдардын жалпылайт; анын жетиштүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн аныктайт.

Өндүрүштүк практикадан төмөндөгүдөй күтүлүүчү натыйжалар алынат:

- Изилдөөнүн методологиясынын негизги жоболорун билүү жана аны тандалган магистрдик диссертациянын темасынын үстүндө иштөөдө пайдалана билүү;
- Илимий информацияны топтоо, анализдөө жана иштеп чыгуунун заманбап усулдарын пайдалана алуу.

Практика боюнча отчету жетекчинин колу коюлуу менен магистрдик программанын жетекчисине тапшырылат.

**Компетенциялар:** ЖИК -1, ЖИК 2, ЖИК -3, ЖИК -4, **АК-1, АК-2, АК-3, АК-4,** КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-9, КК-10, КК-13, КК-19, КК-23.

Илимий - изилдөө практика учурунда магистрант **<u>төмөнкүлөрдү окуп үйрөнүүсү керек:</u>**

- Магистрдик диссертацияны аткарууда пайдалануу үчүн темага байланыштуу патенттик жана адабий булактарды;
- Экстриментaлдык жумушту жүргүзүү жана изилдөө усулдары;
- Изилдөө каражаттарын эксплуатациялоо эрежелерин;
- Эксперименталдык берилгендерди анализдөө жана иштетүү методдорун;
- Изилдөөчү обөектке тиешелүү болгон кубулуштардын жана процесстерин физикалык жана математикалык моделдерин;
- Кесиптик тармакка тиешелүү болгон программалык каражаттарды, илимий изилдөөлөрдө информациялык технологияларды;
- Компьютердик тармактарды жана информациялык системаларды уюштуруу принциптерин;
- Илимий - техникалык документтерди даярдоонун талаптарын.

**<u>Төмөндөгүлөрдү аткаруусу керек:</u>**

- Изилдөө темасы боюнча илимий-техникалык маалыматтарды анализдөө, системалаштыруу жана жалпылоо;
- Коюлган маселенин алкагында теориялык же эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Алынган жыйынтыктарын ишенимдүүлүгүнө анализ;
- Изилдөө жыйынтыктарын өздүк жана чет өлкөлүк аналогдор менен салыштыруу;
- Жүргүзүлгөн изилдөөлөрүн илимий жана практикалык маанилүүлүгүнө анализ жасоо.
- Илимий – изилдөө практика учурунда магистрант магистрдик диссертациянын темасын ачып, максатка ылайык негиздеп, керектүү материалдарды конспектилеп, мисал – маселелерди чыгаруу.

### 8.2. Өндүрүштүк практика

**Аннотациясы:** Практика магистранттардын практикалык көндүмдөрүн калыбына келтирүү жана теориялык билимдерди жыйынтыктоо максатында жүргүзүлөт. Практика учурунда магистранттар теориялык алган билимдерин бышыктайт жана тереңдетет, окуу жайдын шартында информациялык, башкаруучулук жана методикалык маселелерди өз алдынча чечүүгө керек болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрүн калыптандырышат.

**Максаты:** Практиканын негизги максаты болуп өндүрүш ишмердүүлүгү менен байланышта болгон технологиялык билгичтерди жана адамдардын карым – катнашын чагылтуучу коммуникативдик билгичтерди магистранттарды калыптандыруу болуп саналат.

**НББПдагы орду:** Практикалар жана илимий-изилдөө иши бөлүгүнө кирет, 9 кредит.

**Кыскача мазмуну:** Магистранттын өндүрүштүк практикасы бекитилген магистрдик диссертациясынын темасынын алкагында практика жүргүзүлгөн мекеменин

кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен информациялык системаларды проектирлөө формасында ишке ашырылат.

Изилдөө темасы бүрүүчү кафедранын илимий багытынын алкагында илимий – изилдөө иштеринин өз алдынча бөлүгү катары аныкталат.КР ББ жана ИМдин негизинде магистрдик программанын жетекчиси тарабынан практиканын мазмуну аныкталат жана өндүрүштүк практикага жекече тапшырмалар берилет.

Практика учурунда магистранттын жумушу магистрдик диссертациянын үстүнөн иштөө катары уюштурулат: теманы тандоо, изилдөө проблемасын, обөектин жана предметин аныктоо; изилдөөнүн максатын жана маселелерин формулировкалоо; проблема боюнча адабияттардын жана изилдөөлөрдүн тоериялык анализи, тема боюнча керектүү булактарды топтоо; библиографияны түзүү; жумуш гипотезасын формилоркалоо; изилдөө жүргүзүү базасын тандоо; изилдөө методдорунун комплексин аныктоо; экспримент жүргүзүү; эксприменталдык берилгендерге анализ; изилдөөнүн жыйынтыктарын жазуу.

Магистранттар алгачкы булактар, монографиялар, стандарттар жана информациялык системалардын сүрөттөлүшү менен иш алып барышат, илимий жетекчилери жана окутуучулардан консультация алышат.

Практика өтүү мезгилинде магистранттын ишмердүүлүгү стротегиялык ой жүгүртүүнүн пайда болуусу жана өнүктүрүүсү,ситуациялык кырдаалдан чыгуу жана адамдардын топторун башкаруу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруусу менен мүнөздөлөт. Андан сырткары практика магистранттын личностук социализациялануучу процессине көмөктөшүп, жаңы – өндүрүштүк ишмердүүлүктү, коомдук нормаларды, кесиптин баалуулуктарын өздөштүрүүнү, ошондой эле болочок магистрлердин жекече ишмердик маданиятын калыптандырат.

Илимий – изилдөө темасына туура келген материалдарды жана статистикалык берилгендерди топтоо жана изилдөө, маалыматтарды анализдөө, алынган жыйынтыктарды апробациялоо өндүрүштүк практиканын мазмунундагы негизги түзүүчүсү болуп эсептелет.

Практикада магистранттын ишмердүүлүгү төмөнкү этептар боюнча жүргүзүлөт:

**I этабы** – магистрдик даярдоо программасынын алкагында теориялык проблемаларды изилдөө:

- Изилдөө темасын тандоо жана негиздөө;
- Практиканын календардык планын түзүү;
- Максаттын жана конкреттүү маселелердин коюлушу, жумушчу гипотезаны формулировкалоо, магистрдик изилдөө темасы боюнча ата – мекендик жана чет өлкөлүк эмгектерге критикалык анализ жасоо жана жалпылоо;
- Тиешелүү информациялык системаларды түзүп чыгуу.

Календардык план изилдөө схемасынан жана пландаштырылган изилдөөнүн алкагында түзүлгөн жумуштардын тизмесинен турат.

Календардык план практиканын (магистрдик диссертациянын) жетекчинин жетектөөсү менен магистрант тарабынан түзүлөт:

**II этабы** – магистрдик диссертациянын темасына туура келүүчү мекеме жана уюмдун ишмердүүлүгүнүн практикасын изилдөө:

- Изилдөөнүн обөектин жана предметин аныктоо;
- Изилдөө предмети боюнча информацияларды топтоо жана анализдөө;

- Каралуучу проблеманын айрым аспектерин окуп үйрөнүү;

- Информацияны статистикалык жана математикалык кайра иштеп чыгуу;

- Информацияга жетүүнүн түрдүү методикасын библиотекаларга баруу, интернетте иштөө, пайдалануу менен илимий адабияттарга анализ жасоо;

- Тиешелүү информациялык системаларды кийирүү;

- Иштелип чыгылган системаларды реалдуу берилгендер менен толтуруу;

- Чыгуучу формаларды түзүү;

- Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын жасалгалоо жана аны магистрдик диссертациянын жетекчиси менен макулдашуу.

**III этабы** – жыйынтыктоочу этап.

Бул этап практиканын эң акыркы этабы болуп саналат жана мында магистрант практиканын программасына ылайык топтолгон материалдардын жалпылайт; анын жетиштүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн аныктайт.

Өндүрүштүк практикадан төмөндөгүдөй күтүлүүчү натыйжалар алынат:

- Изилдөөнүн методологиясынын негизги жоболорун билүү жана аны тандалган магистрдик диссертациянын темасынын үстүндө иштөөдө пайдалана билүү;

- Илимий информацияны топтоо, анализдөө жана иштеп чыгуунун заманбап усулдарын пайдалана алуу.

Практика боюнча отчету жетекчинин колу коюлу менен магистрдик программанын жетекчисине тапшырылат.

**Компетенциялар:** ЖИК -1, ЖИК 2, ЖИК -3, ЖИК -4, КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК- 9, КК-10, КК-11, КК-13, КК-19, КК-23.

Өндүрүштүк практика учурунда магистрант төмөнкүдөй **<u>көндүмдөргө ээ болуусу керек:</u>**

- Келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн маселелерин ийгиликтүү чечүүгө негизги шарт боло турган информациялык комуникативдик маданиятты өнүктүрүү;

- Конкреттүү маселелерди чечүү үчүн өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында түрдүү мекеме жана уюмдардын информациялык кызматтарды көрсөтүүдө уюштуруучулук, информациялык – комуникативдик, укуктук жана психологиялык жумуштар боюнча тажрыйба алуу;

- Билим берүү мекеменин информатизациялануусу менен байланышкан маселелерди коюуга жана аны практикада информациялык технологиялар жана системаларды пайдалануу менен чечүүгө үйрөтүү;

- IT технологиялар областындагы стандарттардын талаптарына туура келүүчү реалдуу маселелерди чыгаруунун практикалык билгичтерин калыптандыруу;

- Магистрант тарабынан конкреттүү билим берүү системасындагы мекеменин шартында уюштуруучулук, башкаруучулук же илимий ишмердүүлүк маселелерин чечүү үчүн конкреттүү информациялык технологияларды жана информациялык камсыздоо системаларды түзүү жана колдонуу тажрыйбасын алуу;

- Бүтүрүүчү квалификациялык жумушу болгон – магистердик диссертациясын даярдоо үчүн керектүү материалдарды топтоо.

Практикадан өтүү мезгилинде магистрант теориялык билимдерин бышыктап,практикалык көндүмдөргө ээ болуп, магистрдик диссертацияны жазуу үчүн керек болгон маалыматтарды даярдоосу керек.

### 8.3. Илимий – педагогикалык практика

**Аннотациясы:** Илимий-педагогикалык практика – магистранттын окуу процессинин негизги бөлүгүнүн бири болуп эсептелет. Практиканын бул түрү магистранттын ЖОЖдо окутуу ишмердүүлүгүнө жалпы кесиптик даярдоо функциясын аткарат.

**Максаттары:** Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү стандартына жооп берүүчү кесиптик билим берүү программасын жана окуу пландарын жетишээрлик деңгээлде ишке ашыруу;

- Окутуу менен байланышкан типтүү иш – чараларды проектирлөө, иштеп чыгуу жана өткөрүү;
- Билим берүү процессинин чыгармачыл атмосферасын түзүү;
- Жогорку мектепте илимий – изилдөө жана окуу процесинин байланышын аныктоо;
- Билим берүү процессинин каражаты катары өздүк илимий жумушту пайдалануу:
- Магистрантты жарандуулукка тарбиялоо, чеберчилик ой жүгүртүүсүн, баалуулук, маанилүүлүк жана мотивациялык көндүмдөрүн системасын өнүктүрүү.

***Магистранттын илимий – педагогикалык практикасынын негизги маселелери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:***

- Магистрдик программанын дисциплиналарын окуп үйрөнүүдө магистрдик алган билим, билгичтик жана көндүмдөрүн бышыктоо;
- Сабак өтүүнүн түрдүү формаларына жана методикаларына ээ болуу;
- Сабактарга анализ берүү методикасына ээ болуу;
- Заманбап билим берүү информациялык технологиялар боюнча билимдерди калыптандыруу;
- Магистранттардын илимий – педагогикалык ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн өз алдынча билим алуу жана өз билимин өркүндөтүү көндүмдөрүн өнүктөрүү.

**НББПдагы орду:** Практикалар жана илимий-изилдөө иши бөлүгүнө кирет, 9 кредит.

**Кыскача мазмуну:** Практиканын мазмуну бүтүрүүчү кафедранын кызыкчылыгын жана мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен ВГТООП ВПОнун талаптарын толугу менен канааттандырат. Илимий – педагогикалык практиканын программасы ар бир магистрант үчүн аткаруучу жумушунун спецификасына жана мүнөзүнө жараша конкреттештирип, толукталып турат жана магистрдин инвидуалдык планында чагылдырылат.

**Илимий – педагогикалык практика төмөндөгү иш чаралардан турат:**

- Жогорку билим берүү мекемедеги билим берүү процессинин структурасы жана окутуучулар тарабынан отчетук документацияларды жүргүзүү эрежелери менен тааныштыруу;
- Окутулуучу курстун программасы жана мазмуну менен тааныштыруу;
- Сабактардын бардык формаларын уюштуруу жана ишке ашыруулары менен тааныштыруу;
- Окутулуучу дисциплиналар боюнча пландарды жана конспекттерди өз алдынча даярдоо;

• Сабактардын темасы жана максатына туура келүүчү негизги жана кошумча адабияттарды тандоо жана анализдөө;

• Окуу материалынын мазмунун заманбап илимий – матодикалык деңгээлде иштеп чыгуу;

• Түрдүү сабактарды (лекциялык, практиканын, семинардык жана лабораториялык) методикалык жактан туура өтүү;

• Өтүлгөн сабактарга илимий – методикалык анализ жүргүзүү.

Практика учурунда магистранттар ЖОЖдун факультеттеринин, ошондой эле кафедранын түрдүү илимий – педагогикалык жана уюштуруучулук иш – чараларына катыша алат.

Илимий – педагогикалык практиканын мазмуну магистранттын илимий жетекчиси тарабынан пландаштырылып, магистрди даярдоо программасынын жетекчиси менен макулдашылат жана магистранттын отчетунда жана индивидуалдык планында чагылдырылат.

**Компетенциялар:** ЖИК -1, ЖИК 2, ЖИК -3, ЖИК -4, **СИЖМК-1, СИЖМК-2, СИЖМК-3, СИЖМК-4,** КК-1, КК-2, КК-10, КК-21, КК-22, АК-1, АК-2, АК-3, АК-4,

## 9. Окуу планындагы магистрдик диссертацияны даярдоо жана коргоо программасына аннотация

**Аннотациясы:** Магистердик диссертация – актуалдуу маселенин чыгарылышы менен байланышкан, конкреттүү магистрдик багыт боюнча даярдоонун өзгөчөлүктөрү менен аныкталган, кол жазма түрүндө даярдалган, толук жазылып бүткөн теориялык жана эксперименталдык илимий-изилдөө жумуш болуп эсептелинет.

Магистрдик диссертация магистранттын илимий потенциалын ачат, анын өз алдынча изилдөө жүргүзүүдөгү жана уюштуруудагы, изилдөө областында маселени чечүү үчүн заманбап усулдары колдонуудагы, изилдөөнүн жыйынтыгын алып, аргументтештирүүдөгү жана негизделген сунуштарды талдоодогу өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

Магистрдик диссертация тандалган тема боюнча өз алдынча изилдөө жумушу болот жана ал кылдаттык менен изилдеген илимий булактардын, топтолуп жана иштелип чыккан материалдардын негизинде жазылышы керек. Адабияттардан алынган материал тема менен байланышкан болуп, кайрадан иштеп чыгуу керек; тема конкреттүү берилгендер, график, таблицалар, салыштыруулар менен ачылып, жазылышы керек.

Магистрдик диссертация илимий жетекчинин жетектөөсүнүн алдында жүргүзүлгөн илимий-изилдөөнүн негизинде магистрант тарабынан аткарылган бүтүрүү квалификациялык жумуш болуп эсептелет.

Магистрдик диссертация жогорку квалификациялык адистердин (илимдин докторлору жана кандидаттары) жетектөөсү алдында аткарат. Конкреттүү магистрдик багыттын профили боюнча жогорку квалификациялык ишмерлер да жетектей алат.

Илимий жетекчи магистрге изилдөө проблемасы боюнча консультация берет, жекече пландын аткарылышын көзөмөлдөйт.

**Максаты:** магистранттын жөндөмдүүлүгүн жана өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн маселесин заманбап деңгээлде өз алдынча чечүүгө даярдыгын, атайын маалыматтарды профессионалдык изилдөөсүн, ага “магистр” квалификациясын (академиялык даражасын)

ыйгарууга негиз болгон өзүнүн көз карашын аргументтештирип, коргой алышын аныктоо болуп саналат.

**НББПдагы орду:** Практикалар жана илимий-изилдөө иши бөлүгүнө кирет, 12 кредит.

**Кыскача мазмуну:** Магистрдик диссертацияны жазуунун максатына жетүү үчүн магистрант төмөндөгүлөрдү аткаруусу керек:

- Жумушту аткаруу проблемасынын негиздөөсү жана окуп үйрөнүүчү кубулуштар, процесстер боюнча теориялык изилдөөлөр жүргүзүү;
- Изилдөөнүн методун жана методикасын негиздөө, окуп үйрөнүүчү кубулуш же процессти анализдөө, конкреттүү берилгендердин негизинде өсүүчү бул процесстердин тенденциясын жана закон ченемдүүлүгүн аныктоо;
- Эгерде мүмкүн болсо, изилдөөчү кубулуш же процесстин өсүшү жана өркүндөшү боюнча конкретиүү маалыматтарды иштеп чыгуу.

Магистрдик диссертацияны коргоо ачык МАКда жүргүзүлөт.

Диссертацияны коргоо илимий дискуссия мүнөздө болуп, жогорку талап коюлуу менен, илимий этиканын принциптерин сакташы керек.

Коргоо учурунда магистрдик даражанын изилденүүчүсү аткарылган изилдөөнүн мазмунун так, даана жана өзүнө ишенүү менен айтып берүүсү керек, ошондой эле суроолорго аргументтүү жооп берип, илимий дискуссия жүргүзүшү керек.

**Компетенциялар:** ЖИК -1, ЖИК 2, ЖИК -3, ЖИК -4, **АК-1, АК-2, АК-3, АК-4,** КК-1, КК-2, КК-3, КК-4, КК-5, КК-8, КК-10, КК-12, КК-15, КК-16, КК-17,

## 10. Мамлекеттик аттестациялык комиссия

Жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүсү негизги билим берүү программасын толугу менен өздөштүргөндөн соң окуу планынын негизинде төмөнкү мамлекеттик аттестациялык экзамендерди тапшырат:

- Багыт боюнча дисциплиналар аралык мамлекеттик экзамен;
- Бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын иши Ош мамлекеттик университетинин №26 бюллетенинин негизинде уюштурулат.

## 11. Программанын компетенцияларынын картасы

**Эскертүү:**

***Ж*** - *Тиешелүү билим берүү жыйынтыгына жогорку деңгээлде жооп берет;*
***О*** - *Тиешелүү билим берүү жыйынтыгына орто деңгээлде жооп берет;*
***Т*** - *Тиешелүү билим берүү жыйынтыгына төмөнкү деңгээлде жооп берет.*

**710200 «Информациялык системалар жана технологиялар» магистратураны даярдоо багытынын компетенциялар картасы**

| **Компетенциялар** | **Дисциплиналар** | | | **Кошумча маалыматтар** |
|---|---|---|---|---|
| | **Жогору (Ж)** | **Орто (О)** | **Төмөн (Т)** | |
| ***Универсалдык компетенциялар*** | | | | |
| ***Жалпы илимий (ЖИК)*** | | | | |
| **ЖИК-1.** Жаңы теорияларды, усулдарды жана ыкмаларды сындоого жана терең түшүнүүгө, жаңы билим алуу үчүн дисциплиналар аралык ыкманы колдонууга жана ар кандай илимдердин жетишкендиктерин интеграциялоого жөндөмдүү | 1) IT жана НАНО технологиянын тарыхы жана методологиясы;<br>2) Булуттук эсептөө технологисы;<br>3) Экономикадагы информациялык системалар;<br>4) Англ.тил;<br>5) Илимий - изилдөө практикасы;<br>6) Илимий – педагогикалык практика;<br>7) Магистрдик диссертация | 1) Маалыматты коргоо каражаттары жана методдору;<br>2) Компьютердик моделдештирүүнүн усулдары | 1) Өндүрүштүк практика | |
| **ЖИК-2** Жаңы, анын ичинде иш чөйрөсүнө түздөн-түз байланышпаган билимдердин жаңы тармактарында, билимдерди жана билгичтиктерди маалымат технологияларынын жардамы менен өз алдынча алууга жана практикалык иш-аракеттерде колдонууга жөндөмдүү | 1) Экономикадагы информациялык системалар;<br>2) Булуттук эсептөө технологисы;<br>3) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу;<br>4) Англ.тил;<br>5) Магистрдик диссертация | 1) Илимий - изилдөө практикасы;<br>2) Өндүрүштүк практика;<br>3) Илимий – педагогикалык практика; | | |
| **ЖИК-3** Жаңы же бейтааныш шартта көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык байланышта чечүүгө, айкындыгы толук эмес шарттарда билим колдонуунун социалдык жана этикалык жактарын эсепке алуу менен билимдерди интеграциялоого, ой жүгүртүүлөрдү жана бүтүмдөрдү тариздөөгө жөндөмдүү | 1) Жогорку мектеп педагогикасы;<br>2) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу;<br>3) Булуттук эсептөө технологисы;<br>4) Магистрдик диссертация | 1) Илимий - изилдөө практикасы;<br>2) Өндүрүштүк практика;<br>3) Илимий – педагогикалык практика | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **ЖИК-4** Топтолгон тажрыйбаны талдоого жана жаңы көз караш менен маани берүүгө, керек болгондо өзүнүн кесиптик иш-аракетинин профилин озгөртүүгө, изилдөө контекстин эсепке алуу менен дисциплинанын өрчүшүнө өзүнүн өзгөчө салымын киргизүүгө жөндөмдүү | 1) IT жана НАНО технологиянын тарыхы жана методологиясы;<br>2) Бухгалтердик эсеп;<br>3) Банк иш жана кредиттик мамилелер;<br>4) Экономикалык анализ;<br>5) Илимий – педагогикалык практика;<br>6) Магистрдик диссертация | 1) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу;<br>2) 1С предприятие;<br>3) 1С,Предприятие'де Программмалоо;<br>4) Программалык колдонмолорду жана берилгендер базасын иштеп чыгуунун визуалдык каражаттары;<br>5) Илимий - изилдөө практикасы;<br>6) Өндүрүштүк практика | | |
| ***Аспаптык (АК):*** | | | | |
| **АК-1** Өз алдынча изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн жана алардын жыйынтыктарын интерпретациялоонун усулдарына ээ; | 1) Жогорку мектеп педагогикасы;<br>2) Экономикалык анализ;<br>3) Илимий – педагогикалык практика;<br>4) Илимий - изилдөө практикасы;<br>5) Магистрдик диссертация | | | |
| **АК-2** Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын көрсөтүү үчүн өөрчүтүлгөн оозеки жана жазма жөндөмдөргө ээ, кесиптик баарлашуу деңгээлинде чет тилди колдоно билет; | 1) Англис тили;<br>2) Илимий – педагогикалык практика;<br>3) Илимий - изилдөө практикасы;<br>4) Магистрдик диссертация | | | |
| **АК-3** Баардык баарлашуу чөйрөлөрүндө (анын ичинде маданият аралык жана дисциплиналар аралык) коммуникативдик маселелерди коюуга жана чечүүгө, маалымат алмашуу процесстерин башкарууга жөндөмдүү. Чоң көлөмдөгү маалыматтар менен иштөө жөндөмүнө ээ, изилдөө контекстин эсепке алуу менен | 5) Жогорку мектеп педагогикасы;<br>6) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу;<br>7) Веб-багыттуу колдонмолорду программалоо;<br>8) Информациялык системалардын архитектурасы;<br>9) Магистрдик диссертация | 1) Экономикалык анализ;<br>2) 1С предприятие;<br>3) Илимий – педагогикалык практика;<br>4) Илимий - изилдөө практикасы | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| конкреттүү тармакта заманбап маалымат-коммуникациялык технологияларды пайдаланууга жөндөмдүү; | | | | |
| **АК-4** Өздөштүрүлгөн билимдердин негизинде жыйынтык чыгарууга, материалдарды так жана айкын түшүндүрүүгө (адиске жана адис эмеске) жөндөмдүү. Өз алдынча билим деңгээлин өрчүтүүгө жөндөмдүү; | 1) IT жана НАНО технологиянын тарыхы жана методологиясы;<br>2) Бухгалтердик эсеп;<br>3) Банк иш жана кредиттик мамилелер;<br>4) 1С предприятие;<br>5) Илимий – педагогикалык практика;<br>6) Илимий - изилдөө практикасы;<br>7) Магистрдик диссертация | 1) Экономикалык анализ;<br>2) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу;<br>3) Экономикадагы информациялык системалар | | |
| ***Социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):*** | | | | |
| **СИЖМК-1** Өзүнүн кесиптик иш-аракетинин кесепеттерине баа берүүдө, социалдык мааниси бар долбоорлорду иштеп чыгууда жана ишке ашырууда укуктук жана этикалык нормалар тууралуу тереңдетилген билимдерин пайдаланууга жөндөмдүү; | 1) Маалыматты коргоо каражаттары жана методдору | 1) Илимий – педагогикалык практика | | |
| **СИЖМК-2** Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө, социалдык адилеттикти камсыз кылууга багытталган демилгелерди коюууга жана өнүктүрүүгө, дүйнөлүк көз караштагы, социалдык жана инсандык маанидеги көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү; | | 1) Илимий – педагогикалык практика | | |
| **СИЖМК-3** Жакшы жашоо үлгүсү, айлана-чөйрөнү коргоо жана байлыктарды сарамжалдуу пайдалануу боюнча нормаларды жана сунуштарды тутууда тегерегиндегилерге позитивдүү түрткү берүүгө (анын ичинде жеке жүрүм-туруму менен) жөндөмдүү; | 1) Башкаруунун психологиясы | 1) Экономикалык анализ;<br>2) Англ.тил;<br>3) Илимий – педагогикалык практика | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **СИЖМК-4** Жамаатты, анын ичинде дисциплиналар аралык долбоорлорду жетектөөгө, команданын максаттарынын түзүлүшүнө таасир берүүгө, максаттарга жетүү үчүн зарыл болгон багытта анын социалдык-психологиялык климатына таасир этүүгө, ишмердиктин жыйынтыктарынын сапатына туура баа берүүгө жөндөмдүү; | 1) Банк иш жана кредиттик мамилелер;<br>2) Бухгалтердик эсеп;<br>3) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу;<br>4) Экономикадагы информациялык системалар | 1) Илимий – педагогикалык практика | | |
| **Кесиптик зиректүүлүктөрү (КК)** | | | | |
| ***Конструктордук –долбоорлоо ишмердиги:*** | | | | |
| **КК-1** Объектини долбоорлоодо изилдөө иштерин жүргүзүү жөндөмдүүлүгү, изилдөө чөйрөсүндөгү системдик анализ жана алардын өз-ара байланышы; | 1) Программалык колдонмолорду жана берилгендер базасын иштеп чыгуунун визуалдык каражаттары;<br>2) Компьютердик моделдештирүүнүн усулдары;<br>3) Илимий - изилдөө практикасы;<br>4) Өндүрүштүк практика;<br>5) Магистрдик диссертация | 1) Илимий – педагогикалык практика | | |
| **КК-2** техникалык долбоорлоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү; | 1) Булуттук эсептөө технологисы;<br>2) Өндүрүштүк практика;<br>3) Магистрдик диссертация | 1) IT жана НАНО технологиянын тарыхы жана методологиясы;<br>2) Илимий - изилдөө практикасы;<br>3) Илимий – педагогикалык практика | | |
| **КК-3** жумушчу долбоорлоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү; | 1) Илимий - изилдөө практикасы;<br>2) Өндүрүштүк практика;<br>3) Магистрдик диссертация | 1) Информациялык системалардын архитектурасы | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **КК-4** долбоорлоого керектүү чондуктарды тандоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү; | 1) IT жана НАНО технологиянын тарыхы жана методологиясы;<br>2) Программалык колдонмолорду жана берилгендер базасын иштеп чыгуунун визуалдык каражаттары;<br>3) Илимий - изилдөө практикасы;<br>4) Өндүрүштүк практика;<br>5) Магистрдик диссертация | 6) | | |
| **КК-5** процесстерди жана системаларды моделдөө жүргүзүү жөндөмдүүлүгү; | 1) Компьютердик моделдештирүүнүн усулдары;<br>2) Магистрдик диссертация | | | |
| **КК-6** долбоорлонуучу объектилердин ишенимдүүлүгүн жана сапаттуулугун баалоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү, долбоорду стандарттык сапаты боюнча сертификациялоону жүргүзүү жөндөмдүүлүгү; | 1) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу | | | |
| **КК-7** коопсуз ишмердүүлүктүн шарттарын камсыз кылууну жүргүзүү жөндөмдүүлүгү, экономикалык эффективдүүлүгүн жүргүзүү жөндөмдүүлүгү; | | 1) Банк иш жана кредиттик мамилелер;<br>2) Маалыматты коргоо каражаттары жана методдору | | |
| **КК-8** долбоорлоо документтеринин бардык түрлөрүн иштеп чыгуу, макулдаштыруу жана чыгаруу даярдыгы; | 1) Магистрдик диссертация | | | |
| ***Технологиялык-долбоорлоо- ишмердүүлүгү:*** | | | | |
| **КК-9** базалык жана колдонмо технологияларды долборлоо жөндөмдүүлүгү; | 1) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу<br>2) Булуттук эсептөө технологисы | 3) Веб-багыттуу колдонмолорду программалоо | 1) Илимий - изилдөө практикасы<br>2) Өндүрүштүк практика | |
| **КК-10** маалымат технологиясынын каражаттарынын жардамы менен | 1) Экономикадагы информациялык системалар | 3) 1С,Предприятие'де программмалоо | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| (методикалык, информациялык, математикалык, алгоритмдик, техникалык жана программалык) иштөө жөндөмдүүлүгү; | 2) процесстерди жана системаларды моделдөө жүргүзүү жөндөмдүүлүгү<br>3) Өндүрүштүк практика<br>4) Илимий – педагогикалык практика | 4) Маалыматты коргоо каражаттары жана методдору<br>5) Компьютердик моделдештирүүнүн усулдары<br>6) Илимий - изилдөө практикасы<br>7) Магистрдик диссертация | | |
| ***Өндүрүштүк-технологиялык ишмердүүлүгү:*** | | | | |
| **КК-11** маалыматтар технологиясында менеджмент боюнча документтерди даярдай билүү жөндөмдүүлүгү; | 5) Өндүрүштүк практика | | | |
| **КК-12** адистик ишмердүүлүктүн объектилерин иштеп чыгуу технологияларын колдонуу жөндөмдүүлүгүнүн чөйрөсү: илим, техника, билим, медицина, административдик башкаруу, юриспруденция, бизнес, жекече ишмердүүлүк, коммерция, менеджмент, банктык системалар, информациялык системалардын коопсуздугу, технологиялык процесстерди башкаруу, механика, энергетика, курулуш, транспорт, темир жол транспорту, байланыш, телекоммуникация, инфокоммуникациялык башкаруу, почта байланышы, айыл чарба, медициналык жана тоо-кен иши, өндүрүштөрдү коопсуздук менен камсыздандыруу, геология, нефть газ тармагы, геодезия жана картография, геоинформациялык | 1. Магистрдик диссертация | 1) Компьютердик моделдештирүүнүн усулдары | 1) Веб-багыттуу колдонмолорду программалоо | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| системалар, токой комплекси, химиялык-токой комплекси, экология, тейлөө сферасы, массалык маалыматтоо системдери, дизайн, жана ошондой эле ар кандай турдөгү ишканалардын профилдери жана экономикалык шарттагы маалыматтоо коомунун бардык ишмердиктери. | | | | |
| ***Уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүгү:*** | | | | |
| **КК-13** жумушчу орундарын уюштуруу жөндөмдүүлүгү, аларды техникалык жабдоо, компьютердик жабдоолорду жайгаштыруу, кичине коллективдердин мүчөлөрүн уюштуруу жөндөмдүүлүгү | 1) Башкаруунун психологиясы<br>2) Өндүрүштүк практика | 1) Илимий - изилдөө практикасы | | |
| **КК-14** объектинин сапатын долбоорлоонун өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес чыгымдарын баалоону уюштуруу жөндөмдүүлүгү, киргизилүүчү маалыматтын сапатын текшерүүнү уюштуруу жөндөмдүүлүгү*;* | 1) Бухгалтердик эсеп<br>2) Экономикалык анализ | | | |
| ***Илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк:*** | | | | |
| **КК-15** маалыматты чогултуу, илимий-техникалык маалыматты анализдөө, изилдөө тематикасы боюнча ата мекендик жана чет элдик тажырыйбаны пайдалануу, эксперименталдык изилдөөлөрдү коюу жана жүргүзүүгө катышуу жөндөмдүүлүгү*;* | 1) IT жана НАНО технологиянын тарыхы жана методологиясы<br>2) Бухгалтердик эсеп<br>3) Экономикадагы информациялык системалар<br>4) Магистрдик диссертация | ) Экономикалык анализ<br>) Информациялык системалардын архитектурасы | | |
| **КК-16** тандалган моделдин тууралыгын чоңдуктардын эксперименталдык жана алынган чечимдердин жыйынтыктары боюнча тастыктоо жөндөмдүүлүгү, иштеп чыгуучу математикалык методдорун, | 1) Магистрдик диссертация | 1) Экономикалык анализ<br>2) Компьютердик моделдештирүүнүн усулдары | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| адистик изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын анализдерин жана синтездерин колдонуу жөндөмдүүлүгү; | | | | |
| **КК-17** алынган жумушчу жыйынтыктарды, илимий-техникалык отчетторду, статьяларды жана илимий-техникалык конференциялардын докладдарын презентация түрүндө иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү; | 1) Башкаруунун психологиясы<br>2) Магистрдик диссертация | | | |
| ***Инноватикалык ишмердүүлүгү:*** | | | | |
| **КК-18** жаңы конкуренттик жеңүүчү идеяларды түзүү жана аларды проектилерде ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү; | 1) Экономикалык анализ | | | |
| ***Түздөө-оңдоо ишмердүүлүгү:*** | | | | |
| **КК-19** тажырыйба эксплуатациясында маалымат системасынын программалык жана техникалык каражаттарды инсталляциялоо, оңдоо жөндөмдүүлүгү; | 1) Өндүрүштүк практика | 1) Компьютердик моделдештирүүнүн усулдары | 2) Илимий - изилдөө практикасы | |
| **КК-20** даяр компоненттерден маалымат системасын чогултуу жөндөмдүүлүгү, өнөр-жай эксплуатациясында маалымат системасынын программалык жана техникалык каражаттарды инсталляциялоо, оңдоо жөндөмдүүлүгү; | 1) Visual Studio 2010 тиркемелерди иштеп чыгуу<br>2) 1С Предприятие’де программмалоо | | | |
| ***Сервистик-иштетүү ишмердүүлүгү:*** | | | | |
| **КК-21** берилген функционалдык мүнөздөмөлөрдүн жана алардын сапаттарынын критерийлеринин дал келишин камсыздандыруучу маалымат системасын жана технологияларын иштетүү жөндөмдүүлүгү; | 1) Өндүрүштүк практика | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **КК-22** маалымат системасынын жана технологияларынын коопсуздугун жана чондуктардын биримдигин камсыздандыруу жөндөмдүүлүгү | 1) Өндүрүштүк практика | | | |
| **КК-23** программалардын өзгөрүүчү шарттарга жараша иштешин камсыздандыруу жөндөмдүүлүгү | 1) Өндүрүштүк практика | | 3) Илимий - изилдөө практикасы | |
| **КК-24** маалыматтар системасын эксплуатациялоо инструкциясын иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү | | 1) Экономикалык анализ<br>2) Компьютердик моделдештирүүнүн усулдары | | |

НББПны иштеп чыккандар

| | |
|---|---|
| МИТФнын деканы, ф.-м.и.к., доцент: | Сопуев У.С.. |
| ИСП., т.и.к., доцент, прог.жетекчи: | Кочконбаева Б. |
| ИСП., ф.-м.и.д., профессор | Сопуев А. |
| ИСП., ф.-м.и.к., доцент | Сактанов У. |
| Программалоо каф. улук.окутуучусу | Абдугулова Г.С. |
| Программалоо каф. окутуучусу | Маткалык к.К. |
| Программалоо каф. окутуучусу | Капарова А. |